*Тиркеме 2*

Кыргыз Республикасынын
Маданият, маалымат, спорт жана
жаштар саясаты министрлигинин
2023-жылдагы 15 - мартындагы
№185 буйругу менен бекитилген

**VII Дүйнө элдеринин эпосторунун**
**Эл аралык фестивалынын алкагында өтүүчү**
**«Дастанчылардын» Республикалык мелдешинин**
**ЖОБОСУ**

## I. Жалпы жоболор

Чыгармачылыктын кайталангыс, өтө сейрек кездешүүчү түрүн сактоо жана өнүктүрүү, адамзаттын маданий баалуулуктарын аздектеп өркүндөтүү, эл аралык руханий, маданий шериктештикти кеңейтүү аркылуу улуттун өзүн-өзү таануусун бекемдөө, туруктуу коомдук чөйрөнүн болушун камсыздоо үчүн шарт түзүп берүү, дүйнөлүк деңгээлде эпикалык мурасты жайылтуу жана актуалдаштыруу азыркы учурдагы маданий коомчулуктун негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

«Өнөр алды – кызыл тил!» деп баалаган кызырлуу кыргыз журтчулугунда Сөз өнөрү өтө урмат менен бааланып, аны өнөр тутунгандар эң бийик сыйга арзышкан. Улуу сөз өнөрүнүн башында кадимки манасчылык баштаган дастанчылык, акындык тургандыгы баарына маалым. Айтуучулук жөн гана сөз өнөрү эмес, эң ириде улуттун улуттук педагогикасы.

Улуттук көлөмдүү жана кенже эпостордо элдин кылым кезген турмушу, каада-салты, дүйнө таанымы камтылып, ооз эки формасында сакталып келе берген.

Дүйнө элдеринин эпосторунун VII фестивалынын алкагында дастан айтуучулардын Республикалык мелдеши уюштурулат.

## II. Мелдештин негизги максаттары:

2.1. Дастанчылыкты аркалаган өнөр ээлерин камкордукка алуу;

2.2. Мыкты дастанчыларды, мелдештин жеңүүчүлөрүн үналгы, сыналгы, гезит-журналдар аркылуу жалпы журтчулукка тааныштыруу;

2.3. Улуу өнөрдү мындан ары да өнүктүрүү.

## III. Сынактын уюштуруучусу

3.1. Мелдештин башкы уюштуруучусу Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат , спорт жана жаштар саясаты министрлиги.

3.2. Уюштуруучунун мелдешти өткөрүү боюнча милдеттери:

- Мелдеш тууралуу маалыматты жарыялайт;
- Мелдешке келип түшкөн “Билдирме-анкеталарды” кабыл алууну уюштурат;
- Мелдешти өткөрүүгө байланыштуу уюштуруу маселелерин чечет;

3.3. Уюштуруучунун укуктары:

- Методикалык жардам көрсөтүү жана мелдеш тууралуу маалыматты таркатуу боюнча өнөктөштөрдү тартат.

## IV. Мелдештин жумушчу органы.

4.1. Мелдештин жумушчу органдары:

- Уюштуруу комитети;
- Калыстар тобу.

4.2. Уюштуруу комитетинин түзүмү башкы уюштуруучунун өкүлдөрүнөн жана тартылган эксперттерден түзүлөт;

4.3. Уюштуруу комитети:

- Мелдештин Уюштуруу комитетинин төрагасын шайлайт;
- Калыстар тобунун ишин камсыздайт;

4.4. Калыстар тобу:

- Калыстар тобунун курамы таймаш башталганча айтылбайт.

Мелдештин шарттарына жана талаптарына таянуу менен жеңүүчүлөрдү аныктайт;

- Мелдештин жеңүүчүлөрүн сыйлоо аземине катышат.

4.5. Калыстар тобунун курамы:

- Калыстар тобунун курамы ар кыл багыттагы, ар кыл курактагы адамдардан түзүлөт.

4.6. Калыстар тобу менен талашып-тартышуу болбойт.

ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ

## V. Мелдешке катышуунун шарттары

5.1. Дастанчылар мелдешине калктын 15 жаштан 45 жашка чейинки өкүлдөрү катыша алат.

5.2. Мелдештин жеңүүчүлөрү калыстар тобу тарабынан аныкталат.

5.3. Мелдештин катышуучулары Уюштуруу тобуна “Билдирме-анкетасын” (Тиркеме 1) 2023-жылдын 15-майына чейин Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, № 78 (108-кабинет) дарегине тапшырышы зарыл. Бул мөөнөттөн кечиккен документтер кабыл алынбайт.

5.4. Мелдештин катышуучулары мелдешке катышууга жолдомо алгандыгы тууралуу уюштуруучулар тарабынан “Билдирме-анкетасында” көрсөтүлгөн телефон аркылуу маалымдалат;

5.5. Мелдеш 17-20 май күндөрү Ош шаарынын борбордук аянтында өтөт;

5.6. Мелдешке катышууга кеткен чыгымдар катышуучулардын өз эсебинен каржыланат.

## VI. Катышуучулардын негизги талаптары.

6.1. Таймаштын катышуучусу алган билетине (мазмундуу, импровизаторлугу менен, классикалык варианттын негизинде) так, туура жооп берүүсү;

6.2. катышуучусунун аткаруучулук чеберчилиги, уккулуктуулугу, тилинин тактыгы, айтуу манерасы;

6.3. катышуучусу аткарган үзүндүнүн поэтикалык көркөмдүк деңгээли;

6.4. катышуучусунун эпостогу (баатырдык, достук, жомоктук ж.б.) мотивдерди нугун бузбай жайгаштырып айтуу чебердиги;

6.5. катышуучусу аткарган үзүндүнү негизги мазмунунан жазбай толук, ийине жеткизе окуяны кырааты менен идеясын бузбай баяндаганы;

6.6 . Сахна маданияты, улуттук кийими.

## VII. Мелдешти өткөрүү тартиби:

7.1. VII Дүйнө элдеринин эпосторунун Эл аралык фестивалынын алкагында өтүүчү «Дастанчылар» Республикалык мелдеши 3 айлампа менен өтөт:

1 – айлампада өнөрпоздор көлөмдүү ашыктык арман ырларынан бирди аткаруусу шарт.

2 – айлампада терме-санат, айтыштар, казалдардан бирди жана бир дастандан аткаруусу шарт.

3 – айлампа 1-2-3-орун үчүн таймашта Бир дастандан аткаруусу шарт.

Эскертүү: талаш-тартыш маселе жаралып калса, калыстар орун тактоо үчүн дагы бир айлампа өткөрүүгө укугу бар.

## VIII. Мелдештин жеңүүчүлөрүн сыйлоо

8.1. Фестивалдын жеңүүчүлөрүнө байгелүү орундар берилет жана VII Дүйнө элдеринин эпосторунун Эл аралык фестивалынын жыйынтыктоочу Гала концертине катышат.

8.2. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи VII Дүйнө элдеринин эпосторунун Эл аралык фестивалынын жыйынтыктоочу Гала концертине 2023-жылдын 21-май күнү Ош шаарындагы борбордук аянтта өткөрүлөт.

Кеңири маалымат алуу үчүн төмөнкү дарекке кайрылсаңыздар болот:

Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, №78 (108-кабинет), тел.: +996 707457580, 550990450, +996 312 66-26-83.

ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ

*Тиркеме 1*

**Билдирме-анкета**

| № | Катышуучуунун аты-жөнү | Жашаган дареги, байланыш телефону | Жеңиштери тууралуу маалымат |
|---|---|---|---|
| | | | |

ДОКУМЕНТТИК КАМСЫЗДОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ ДОКУМЕНТАЦИОННОГО ОБЕСПЕЧЕНИЯ И КОНТРОЛЯ
ИНН 00807200410076